Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасыдагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин

# ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Дүйнөдө туризм тармагынын динамикалуу өсүшү, анын экономиканын башка тармактарына тийгизген мультипликативдик таасири, өлкөнүн ээ болгон уникалдуу жаратылыш ресурстары, коомдун бакубаттуулугунун жогорулашы, өлкөнүн маданий, руханий мурастары менен улуттук мейманостуктун сакталышына, о.э. айлана чөйгөгө тийигизген оң таасиринин негизинде туризм индустриясы республиканын экономикасын өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарынын бири болуусунуна негиз түздү.

Туристтик рынокто атаандаштыктын жаңы формаларынын пайда болушу, алардын тез таркашы жана масштабдуулуктун кеңейиши, тармактын учурдагы өнүгүү этабынынын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт. Ресурстар жана өнүмдөр үчүн болгон атаандаштыктан тышкары керектөөчүлөр үчүн күрөш, мейман достук индустриясындагы чабал социалдык-экономикалык мамилелер сыяктуу факторлор жалпы туризмдин өнүгүшүн жөнгө салууда. Мейман достук индустриясы курулуш, өнөр жай, жол инфраструктурасы, транспорт, байланыш, айыл чарба сыяктуу экономиканын көптөгөн тармактарына олуттуу таасирин тийгизет. Мисалы, жаңы жолдор менен заманбап мейманканалардын курулушу туристтик багыттын жагымдуулугун жогорулатып, туристик агымды көбөйтөт.

Мейманкана бизнеси мейман достук индустриясынын жайгаштыруу жана тейлөө сыяктуу негизги функцияларын ишке ашыргандыгы үчүн тейлөө сапаты туристтик багыттан канааттануу деңгээлин аныктап, ал өз учурунда жергиликтүү туризмдин өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Мындай шарттарда мейманканаларды башкаруунун ролу кескин жогорулап, ишкананын натыйжалуулугу, атаандаштыкка туруштуктугу жана кызмат чөйрөсүндө туруктуу позициясы камсыздалышы шарт. Ушундан улам мейманкананын жетекчилиги илимий жактан негизделген, практикалык жактан ишке ашырыла турган стратегиялык жана тактикалык чечимдерди кабыл алууга тийиш.

Учурда мейманкана кызмат рыногунун шарттары татаалдашууда жана чек аралары кеңейүүдө. Бул жагдай катаал атаандаштык шарттарында ишмердигин жүргүзүүдө эбегейсиз тажрыйбага ээ болгон чет өлкөлүк мейманкана бизнесинин эсебинен да калыптанууда. Ошол эле учурда көптөгөн улуттук мейманканалардын тейлөө сапаты эл аралык деңгээлде болбогону бул рыноктун өнүгүү темптерин басаңдатууда. Булардын бардыгы мейманкана бизнесин натыйжалуу башкаруу боюнча теориялык жана методологиялык маселелерди өнүктүрүүгө багытталган жаңы илимий изилдөөлөргө муктаждыктын жогору болгондугун айгинелейт.

КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
имени М. РЫСКУЛБЕКОВА
Вх. № 284 «13» 01 2025 г.
Исх. № ___ « » ___ 20__ г.
Подпись

Жогоруда айтылгандардын актуалдуулугу, маселелерди чечүүнүн теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү теманы тандоодо жана анын милдеттери менен максаттарын аныктоодо негиз болгон.

2. **Илимий натыйжалар**: Диссертацияда Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкаруунун теориясына жана практикасына белгилүү бир салым кошкон төмөнкү илимий натыйжалар берилген:

1) туризм комплексинин алкагындагы мейманкана секторун өнүктүрүүнүн түпкү мааниси жана анын экономикадагы ээлеген орду теориялык жактан талдanды;
2) Бишкек шаарынын мейманкана секторунун потенциалдык мүмкүнчүлүгү, учурдагы өнүгүү тенденциялары, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча изилөө жүргүзүлдү;
3) мейманканаларда келген туристердин калуу мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жыйынтыгы көрсөтүлдү;
4) жергиликтүү калкты туризм жаатында ишке жайгаштырууну камсыздоо, ошондой эле уюштуруу системасын жана башкарууну жеңилдетүү максатында "холократия" уюштуруу системасы мейманкана бизнеси үчүн иштелип чыкты;
5) Бишкектеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттары негизги көрсөткүчтөрү 2030-жылга чейинки аралык боюнча иштеп чыкты;
6) мейманканалардын ишин уюштурууну жана башкарууну баалоонун моделинин үлгүсү даярдалды;
7) келечекте чет өлкөлүк туристерди тартуу максатында капсул жана микро отелдери жана бозүй конушу категориясындагы мейманкана кызматтарын камтыган мейманкана комплексинин инвестициялык бизнес долбоору даярдалды.

3. **Диссертацияда баяндалган илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), тыянактардын жана сунуштардын жаңылык даражасы**

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары экономика илиминин заманбап жетишкендиктерине жана эффективдүү башкаруу практикасына, атап айтканда мейманкана ишканаларын башкаруу тармагына негизделген. Изилдөөдө тиешелүү методологиялык база колдонулуп, диссертациянын предметине, максаттарына жана милдеттерине ылайык келген булактардын кеңири спектрин жана методдордун комплексин колдонуу менен Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесинин өнүгүү абалы талданган. Изилдөөнүн методологиялык негизин төмөндө берилген жалпы илимий изилдөө ыкмалары түзгөн: теориялык (анализ, синтез, агрегациялоо), эмпирикалык (байкоо, салыштыруу), экономика-математикалык моделдөө; системалык, математикалык статистиканын методдору, божомолдоо жана эксперттик баалоо. Бул ыкмалардын ар бири жана алардын комбинациялары өздөрүнүн функционалдуулугуна ылайык колдонулгандыгы үчүн алынган жыйынтыктар менен сунуштардын ишенимдүүлүгүн кепилдейт.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн илимий жаңылыгы мейманкана бизнесин башкаруу боюнча теориялык концепциялардын системалаштырылышы, мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча эл аралык тажрыйбаны жана анын уюштуруу өзгөчөлүктөрүнүн аныкталышы, башкаруу ыкмалары, стилдери, классификация системалары менен эл аралык стандарттардын изилдениши жана мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу боюнча бир катар сунуштардын иштелип чыгышы менен негизделген.

Автор тарабынан мейманкана чарбачылыгынын учурдагы абалы, Бишкектин жана ага жакын болгон аймактардын табигый-рекреациялык дарамети менен турпродуктулары талдалып, мейманкана тейлөө жаатында коопсуздук жана ишенимдүүлүк багыттарында көйгөйлөр аныкталган. Иште адам капиталына, тейлөө сапатын стандартташтыруунун зарылдыгына, ошондой эле туруктуу өнүгүүгө багытталган мейманкана ишканаларынын санын көбөйтүүгө өзгөчө маани берилген.

2030-жылга чейин жүргүзгөн божомолдоонун негизинде шаардын мейманкана секторунда туруктуу өсүү болоору далилденип, мейманкана бизнесин өнүктүрүү үчүн туристтердин мейманканаларда калуу мөөнөтүн узартуу жана кошумча кызматтарды иштеп чыгуу жаатында жаңы багыттарды иштеп чыгуу зарылчылыгын белгилеген.

Ушуга байланыштуу, автор тарабынан мейманкана комплекстерин өнүктүрүүнүн негизги активдери жана негизги факторлору аныкталган, 2030-жылга чейин Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүүнүн болжолу даярдалган жана артыкчылыктуу багыттары аныкталган, "Теңсалмактуулук чамгарагы" ыкмасы боюнча мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун баалоо сунушталган, ошондой эле өлкөгө же шаарга кирүү үчүн бирдиктүү төлөм же транспорттук каттамдардын билетинин баасына киргизилген, же мейманканаларда түнөө учурунда алынчу туристтик салыкты киргизүү сунушталган.

Капсула жана микро-мейманкананы, ошондой эле боз үй конушун куруунун сметасы сунушталган. Инвестициялардын акталуу мөөнөтү пессимисттик, реалдуу жана оптимисттик варианттарда эсептелинген. "Байтик" мейманкана комплекси үчүн “холакратия” уюштуруу түзүмү сунушталган, ошондой эле кыргыз элинин улуттук баалуулуктарына негизделген этно-анимациялык программа иштелип чыккан.

Автор туруктуу өнүгүү принциптери боюнча мейманкана бизнесин жүргүзүү, менеджерлердин квалификациясын жогорулатуу, отельерлер мектебин ачуу, эко – энбелгилерди киргизүү жана мейманканаларды улуттук эко сертификациядан өткөрүү зарыл деп эсептейт.

Диссертациялык изилдөөнүн комплекстүү мүнөзү жыйынтыктардын илимий жаңылыгын жана коргоого алынып жаткан жоболордун негиздүүлүгүн күбөлөндүрөт.

**4. Алган жыйынтыктардын илим жана практика үчүн мааниси**

Диссертациялык иштин теориялык маанисин мейманкана бизнесин уюштуруу өзгөчөлүктөрү, башкаруу ыкмалары жана стилдери, мейманканаларды

классификациялоо системалары жана эл аралык стандарттар жаатындагы илимий жоболор түзөт.

Диссертациялык иштин практикалык мааниси, алынган жыйынтыктар жана сунуштамалар мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан стратегиялык пландоодо, туризмди өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын түзүүдө жана Бишкек шаарынын мейманкана бизнесине инвестицияларды тартууда, ошондой эле жергиликтүү туристтик агенттиктер тарабынан жаңы турпродуктуларды түзүүдө колдонулушу мүмкүн. Ишке ашыруу актылары Кыргыз туристтик ишканалар ассоциациясынан (КАТО) жана Freedom (ОсОО Метаф) мейманканасынан алынган.

Диссертациянын негизги жоболору эл аралык жана республикалык конференцияларда, симпозиумдарда, семинарларда жана форумдарда билдирилип, мезгилдүү илимий журналдарда басылган. Илимий макалалар КР ЖАК (РИНЦ КР) тарабынан сунушталган басылмаларда жарыяланып анын бири Web of Science индекстөө системасына кирген илимий журналда жарыяланган.

**5. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу боюнча сунуштар**

Алынган практикалык тыянактар менен натыйжалар мейманкана ишмердигинин башкаруусунун натыйжалуулугун жогорулатууда колдонулушу мүмкүн. Мейманканалардын ишин уюштурулушун жана башкаруусун баалоо үчүн иштелип чыккан “Теңсалмактуулук чамгарагы” модели мейманкананын жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн аныктоодо, о.э. аныкталган чабал жактарын жоюуда колдонулушу мүмкүн. Ал эми кошумча кызматтарды иштеп чыгуу жана бизнести өнүктүрүү үчүн берилген сунуштар борбор шаардын мейманканаларына, ал эми “холократия” уюштуруу түзүмү конок үйлөргө сунушталышы мүмкүн.

2030-жылга чейинки мезгилде Бишкек шаарынын мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары жана индикаторлору, тейлөө сапатын стандартташтыруу, туристтик салыкты киргизүү, мейманкана комплексинин бизнес-долбоору боюнча сунуштар туризмди өнүктүрүү программаларына киргизүү, ошондой эле чет өлкөлүк туристтерди жана инвестицияларды тартуу үчүн мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарына сунушталышы мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары жана негизги жоболору окуу куралдарын жана монографияларды жазууда, "Мейманкана менеджменти", "Меймандостук индустриясынын маркетинги", "Мейманкана ишмердүүлүгүн уюштуруу" ж.б. дисциплиналарынын лекцияларын даярдоодо, ошондой эле мейманкана кызматкерлерин окутууда жана квалификациясын жогорулатууда колдонулушу мүмкүн.

6. **Эскертүүлөр жана сунуштар.**

Изилдөөнүн бүтүндүгүн, толуктугун, негиздүүлүгүн, жаңылыгын жана андагы берилген илимий жоболор менен жыйынтыктарынын маанилүүлүгүн белгилеп, диссертацияда дискуссиялык мүнөздөгү айрым жоболор, ошондой эле каалоолор бар:

1. Башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, мейманкана ишканасынын бардык бизнес-процесстеринин туура уюштурулушу абдан маанилүү. Негизги операциялык (брондоо, жайгаштыруу, бөлмөлөрдү тазалоо), көмөкчү (персоналды жана камсыздоону башкаруу, техникалык тейлөө жана оңдоо), коштоочу жана башкаруу процесстери, ошондой эле өнүгүү процесстери боюнча конкреттүү сунуштарды карап жана иштеп чыгуу бул изилдөөнү байытат.

2. Тармакты натыйжалуу башкаруу үчүн мамлекеттик жөнгө салуу менен өзүн-өзү жөнгө салуу багыттарын айкалыштыруу зарыл. Иште Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин мамлекеттик жөнгө салуунун модели сунушталган, анда мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынан тышкары тармактык ассоциациялар да каралган. Биздин пикирибиз боюнча, мейманканалардын тейлөө сапатына түздөн – түз таасирин тийгизген стандарттарды иштеп чыгуу жана бекитүү иштери тармактык ассоциациялар тарабынан жүргүзүлүп, алардын ролу өзүн-өзү жөнгө салуу системасы аркылуу кубатталышы керек. Мисалы, республикадагы КАТО же жаңы түзүлгөн мейманканалардын ассоциациясы өзүн-өзү жөнгө салуу тартибинде мейманканаларды сертификациялоо менен алектенип, алардын укуктарын коргоп, ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүдө ортомчу боло алат.

3. Автор тарабынан иштелип чыккан теңсалмактуулук чамгарагы ыкмасынын жыйынтыктары 32 гана мейманканада жүргүзүлүп, Бишкектеги бардык мейманканаларды камтыган эмес. Бул жагдайды эске алуу менен бирге бардык мейманканаларда сурамжылоо жүргүзүлүп, алардын жыйынтыктары мейманканалардын категориясына жараша берилсе иштин сапаты кыйла жогоруламак.

4. Мамлекетке тийиштүү болгон мейманканалардын жана эларалык чынжыр мейманканалардын (Hyatt Regency Bishkek, Sheraton Hotel Bishkek, Novotel Bishkek City ж.б.) башкарылышы тууралуу маалымат берилген эмес. Бул жаатта дагы изилдөөлөр менен диссертациялык иш толукталса илимий изилдөөнүн сапаты дагы да жогоруламак.

7. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын текстине, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине туура келет. Автореферат коргоого коюлган жоболорду толук чагылдырат. Авторефераттын орус, кыргыз жана англис тилдеринде окшош резюмеси бар.

**8. Кыргыз Республикасында "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жободо белгиленген талаптарга диссертациянын туура келиши тууралуу корутунду**

"Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темасындагы диссертациялык иш актуалдуу темада жазылып, толук бүткөн илимий изилдөө болуп саналат. Бул иш теориялык жана практикалык мааниге ээ болуп, алынган жыйынтыктарынын жаңылыгы менен айырмаланат. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жобосунун талаптарына жооп берет, жана Асанова Кымбат Туратбековна 08.00.05 - тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент, э.и.д. доцент,**
**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин**
**КОББнын (Колледжи) директору** **Дербишева Э.Д.**

АДАМ РЕСУРСТАР БАШКАРМАЛЫГЫ
УПРАВЛЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
Колун тастыктайм
Адам ресурстар башкармалыгынын башчысы

10.01.25 г.

Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасыдагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Дүйнө жүзү боюнча туризмдин мааниси күн өткөн сайын жогорулап, анын негизи болгон мейманкана бизнесинин мааниси артууда. Диссертацияда белгиленгендей бардык туристтердин бюджетинин жана убактысынын 30% мейманкана бизнесинин үлүшүнө тийиштүү болгону, жана тейлөөнүн сапаты жалпы өлкөнүн имиджине таасир тийгизгени маанилүү көрсөткүч болуп, мейманкананын башкарылышын жана тейлөө сапатын жакшыртуу учурдун талабы. Андан сырткары Кыргызстанга келген чет элдик туристтердин олуттуу пайызы Бишкектин мейманканаларында жайгашканы улуттук меймандостугу жана тейлөө сапаты тууралуу меймандарга маалымат берип, өлкөнүн туристтик дестинация имиджин калыптандырат. Бишкекте мейманканалардын саны туруктуу өсө тургандыгы эконометрикалык ыкма менен жасалган божомолдун негизинде тастыкталып, анын мамлекет тарабынан башкарылышын жана ошондой эле колдонулган башкаруу системасында өзгөрүүлөр менен жакшыртууларды киргизүүнүн маанилүүлүгүн далилдейт. Ушундан улам бул диссертациялык изилдөөдө сунушталган башкаруу системасы менен модели, мейманканалардын бөлүмдөрүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн иштелип чыккан ыкма, бизнес долбоордун эсеп-кысаптары учурдун талабына жооп берип диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуу экендигин, коюлган максаттары жана негизги милдеттери туура экендигин толук ырастайт.

2. **Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Бишкектин мейманкана рыногун өнүктүрүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу процесстерин жөнгө салуу жана келечектүү багыттарын экономикалык нукта негиздүү иштеп чыгуу менен теориялык-методикалык жактан, ошондой эле практикалык сунуштарды даярдоо болуп саналат. Мындай максатка жетүү үчүн илимий иште төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Туризм индустриясынын мейманкана секторундагы өнүгүүнүн илимий-теориялык негиздерин изилдөө жүргүзүү;
2. Мейманкана секторунун учурдагы өнүгүү тенденциясын ар тараптуу изилдөө;
3. Мейманканаларда туристтердин калуу мөөнөтүн узартууга көмөк көрсөтүүнүн багыттарын аныктоо;
4. Мейманканаларды башкарууну жакшыртуунун моделин түзүү;
5. Бишкетеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттарын иштеп чыгуу;
6. Мейманканалардын ишин уюштуруу жана башкаруунун моделин иштеп чыгуу;
7. Мейманкана секторунун алкагында иштиктүү бизнес - долбоорун сунуштоо.

КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
имени М. РЫСКУЛБЕКОВА
Вх. № 285 « 13 » 01 2025 г.
Исх. № ___ « ___ » ______ 20___ г.
Подпись

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** – туризмдин мейманкана секторун өнүктүрүү боюнча теориялык жоболор, методиалык жана практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынды:

- туризм комплексинин алкагындагы мейманкана секторун өнүктүрүүнүн түпкү мааниси жана анын экономикадагы ээлеген орду теориялык жактан талданды;
- Бишкек шаарынын мейманкана секторунун потенциалдык мүмкүнчүлүгү, учурдагы өнүгүү тенденциялары, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча изилөө жүргүзүлдү;
- мейманканаларда келген туристердин калуу мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жыйынтыгы көрсөтүлдү;
- жергиликтүү калкты туризм жаатында ишке жайгаштырууну камсыздоо, ошондой эле уюштуруу системасын жана башкарууну жеңилдетүү максатында "холократия" уюштуруу системасы мейманкана бизнеси үчүн иштелип чыкты;
- Бишкектеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттары негизги көрсөткүчтөрү 2030-жылга чейинки аралык боюнча иштеп чыкты;
- мейманканалардын ишин уюштурууну жана башкарууну баалоонун моделинин үлгүсү даярдалды;
- келечекте чет өлкөлүк туристерди тартуу максатында капсул жана микро отелдери жана бозүй конушу категориясындагы мейманкана кызматтарын камтыган мейманкана комплексинин инвестициялык бизнес долбоору даярдалды.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги корутундулары жана сунуштары мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдары туризм саясатын жана региондук программаларын иштеп чыгууда, Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү жана атаандаштык дараметин кубаттоого багытталган программалар менен концепцияларды калыптандырууда, ишке ашырууга, пландалган бизнес долбоорлордо, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда пайдаланышы ыктымал.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары "Хаускипинг: башкаруу жана уюштуруу" окуу китебин, "Кыргызстандагы мейманкана ишканаларын жиктөө модели" менен "Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели" монографияларын жазууда, ошондой эле, Кыргыз – Түрк Манас Университетинин Туризм факультетинин "Мейманкана ишмердүүлүгүн уюштуруу", "Мейманканаларда кризисти башкаруу", "Мейманмандостук индустриясында анимация кызматтарын уюштуруу жана башкаруу", "Мейманкана ишмердүүлүгүнүн технологиясы" сабактарын өтүүдө колдонулууда. Андан тышкары, "Мейманканаларды башкаруу", "Мейманмандостук индустрия маркетинги", "Туруктуу туризм", "Рекреация", "Коомчулукка негизделген туризм" дисциплиналарынын лекцияларын даярдоодо, ошондой эле ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан мейманканалардын натыйжалуулугун жогорулатууда жана жаңы өндүрүм иштеп чыгууда колдонууга болот.

5. **Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары мейманкана индустриясынын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизип, туристтик өндүрүмдүн жиктелиши менен диверсификациялоосуна тиешелүү салым кошот. Ошондой эле, иштеп жаткан мейманкана комплекстеринин натыйжалуулугун жогорулатууда, социалдык-экономикалык маселелердин натыйжалуу чечилишине жана экологиялык жактан сезимталдыктын калыптануусуна да оң таасирин тийгизип, экономикалык жактан мааниси жогорулайт.

6. **Диссертациялык иш боюнча кемчиликтер жана эскертүүлөр.**

1. Диссертациянын биринчи бөлүмүн дагы да кененирээк жазса иштин маңызы толук ачылып, изилдөөнүн сапаты жогоруламак.
2. Изилдөөдө Бишкек шаарынын мейманканаларынын саны райондорго жараша эсептелип, ошондой эле алардын жылдыздарга же категорияларга жараша маалыматы деталдаштырылып берилсе жакшы болмок.
3. Диссертациялык иште Бишкектин мейманканаларында иштеген персоналдын саны жана алардын айлык акылары тууралуу маалымат берилбей калган. Бул жаатта да изилдөө жүргүзүлсө иштин сапаты жогорулаары шексиз.
4. 32 мейманканада өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары Бишкек шаары боюнча реалдуу картинары чагылдырылбашы мүмкүн. Эгерде борбор шаарда жайгашкан бардык мейманканалар бул изилдөөгө камтылган учурда бул диссертациялык иштин сапаты кыйла жогоруламак.
5. Сунушталган Тең салмактуулук чамгарагы ыкмасы колдонулушу ыңгайлуу жана бөлүмдүн ишин аз убакытта баалоого мүмкүнчүлүк түзгөндүгү үчүн мейманканаларга сунушталышы керек деген пикирдебиз. Ушундан улам автор бул изилдөө менен таанытуу максатында тармактык ассоциациялар менен тыгыз иштеши сунушталат.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер менен сын пикирлер диссертациялык иштин актуалдуулугуна жана изилдөөнүн жыйынтыгында алынган илимий жаңылыгына терс таасирин тийгизбейт, тескерисинче, бул тандалып алынган теманын актуалдуулугун жана өз учурунда жасалып жаткандыгын ырастайт.

Жогорку айтылгандардын негизинде 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасында аткарылган диссертациялык иш бүткөн илимий изилдөө болуп саналат деп жыйынтык чыгарууга болот. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын кандидаттык диссертацияга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Расмий оппонент, э.и.к. доцент,**
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз
улуттук университетинин кадрларды
кайра даярдоо жана квалификациясын
жогорулатуу институтунун доценти Саякова С.Ш.

С. Ш. Саяковдын
КБнин башчысы Толтокматова
Исмаилова А.А.
09.01.25г